Кыргыз Республикасынын шайлоо
жана референдумдарды өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясына
Кара – Тоо айылынын Ынтымак
көчөсү № 1 үйүнүн тургуну, Семиз
– Бел айыл өкмөт башчысына
талапкер Бейшенбеков Бакыттан
Тел. 0709 129 888

Кочкор районунун Аймактык шайлоо комиссиясынын мыйзамсыз аракеттерине

ДАТТАНУУ

Менин Борбордук шайлоо комиссиясына Кочкор районунун Аймактык шайлоо комиссиясынын аракетине даттануумдун себеби 2021 – жылдын 09 – июнунда Кочкор районунун Семиз – Бел айыл өкмөтүнүн башчылыгына шайлоо болуп өттү.

Кочкор аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо бюллетенине эки талапкерди катталган. Аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлер катталган бюллетендерди депутаттарга таратып берип, шайлоо процессин жүргүзүштү.

Бул шайлоо процесси Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясынын 2011 – жылдын 12 – августундагы № 105 токтому менен бекитилген "Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун тартиби жөнүндө" Жобонун 3 – главасындагы шайлоону уюштуруу жөнүндөгү талаптарынын 20 – бөлүгүн одоно бузуу менен өткөзүлдү.

Ушул Жобонун 20 – бөлүгүндө "Бюллетенге айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордуна **талапкерлер алфавиттик тартипте киргизилет**" деп көрсөтүлгөн.

Ал эми Аймактык шайлоо комиссиясы болсо бул Жобонун талабын сактабай, талапкерлердин аты – жөнүн алфавиттик түрдө жазбастан

1. Бейшенбеков Бакыт
2. Акишов Бурканбек

деп бюллетенге жазышкан.

Ушул Жобонун 30 – пунктунда "Жараксыз бюллетендер өз алдынча эсептелет жана алар тууралуу добуш берүүнүн жыйынтыктарынын протоколуна жазуу жазылат. Шайлоочунун эрк билдирүүсүн аныктоо мүмкүн болбогон,

тиешелүү айылдык кенештин мөөрү басылбаган **<u>же аныкталган формага ылайык келбеген бюллетендер жараксыз болуп саналат”</u>** деп көрсөтүлгөн.

Демек, 2021 – жылдын 9 – июнунда Кочкор районунун Семиз – Бел айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо процессинде колдонулган шайлоо бюллетени жараксыз экени ачык көрүнүп турат.

Жогоруда жазылгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясынын 2020 – жылдын 22 – январындагы № 12 токтомунун редакциясына ылайык “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъектеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттануулары) шайлоо комиссиялары карап чыгышынын тартиби жөнүндө” Жобонун 3.8 – пунктунун 2 – абзацына ылайык

СУРАНАМ:

1. 2021 – жылдын 9 – июнунда Кочкор районунун Семиз – Бел айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо боюнча шайлоо комиссиясынын чечимин толугу менен жокко чыгарууну;

2. Кочкор районунун Семиз – Бел айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо боюнча жаңы шайлоо өткөзүүнү дайындоо тууралуу жаңы чечим кабыл алууну.

Б. Бейшенбеков

11.06.2021ж.

Семиз-Бел айыл өкмөтүнүн башчысынын шайлоосуна талапкерликке "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу" жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 53-беренесинин негизинде документтеримди Кочкор АШКсына өткөрүп бердим.

1. Арыз.
2. Паспорт көчүрмөсү.
3. Диплом көчүрмө нотариустан күбөлөндүрүлгөн.
4. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү нотариустан күбөлөндүрүлгөн.
5. ИИМден соттуулугу жөнүндө справкасы .
6. Кадрларды каттоо боюнча өздүк баракчасы, өмүр баян.
7. Сунуш депутаттардан.
8. Мамлекттик тилди билүү сертификаты

Талапкер ____________________ Б.Бейшенбеков

Кабыл алдым БШКнын атайын

өкүлү: ____________________ Т.Акимбаев

"24"- май 2021-жыл. саат: 15:50